| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУ<br><br>КОЧКОРБАЕВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>КОЧКОРБАЕВ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН<br><br>КОЧКОРБАЕВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК<br>КОЧКОРБАЕВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

# ТОКТОМ №119/XXVIII-28

21-декабрь 2023-ж Кенеш айылы

**Кочкорбаев айыл аймагындагы калктуу конуштардан таштанды чыгаруу үчүн төлөмдүн ставкасын бекитүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-1 жана 12-3 беренелеринин негизинде, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27–беренесинин 1-пунктунун 11-пунктчасына ылайык, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесине ылайык, Кочкорбаев айылдык Кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кочкорбаев айыл аймагындагы калктуу конуштардын аймагынан таштанды чыгаруу үчүн акы киргизилсин.
2. 2024-жылга калктуу пункттун аймагынан таштанды чыгаруу үчүн төлөм ставкасы юридикалык жактардан ар бир кызматкерге 100 сомдон бекитилсин.
3. Кочкорбаев айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы А.Байтокоева ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция Министрлигинин тиешелүү аймактык бөлүмүнө жөнөтсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кочкорбаев айылдык Кенешинин бюджет жана каржылоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э. Токбергенов**